**Пресс-релиз**

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы эсептик чен өлчөмүн жылдык 9,00 пайызга чейин жогорулатуу чечимин кабыл алды

Тышкы сыяктуу эле, ички факторлордон улам келип чыккан инфляциялык басымдын күч алышын эске алуу менен Улуттук банк эсептик чен өлчөмүн жылдык 9,00 пайызга чейин жогорулатуу чечимин кабыл алды.

Мындай тышкы жана ички факторлордон улам калыптанган инфляциялык басым жогору бойдон калууда. Октябрь айынын орто ченине карата абал боюнча жылдык мааниде алып караганда инфляция 8,0 пайызды түзгөн.

2014-жылдын сентябрь айындагы статистикалык маалыматтар, Кыргыз Республикасында, ошондой эле негизги соода өнөктөш өлкөлөрдө да экономикалык өсүш арымынын басаңдоосу уланып жаткандыгын көрсөткөн. Республикада ИДӨнүн реалдуу өсүш арымы тогуз ай ичинде 3,0 пайыз чегинде калыптанган. Импорт көлөмүнүн төмөндөшүнүн эсебинен тышкы соода операциялар көлөмүнүн кыскаргандыгы байкалган, ошол эле учурда жергиликтүү товарларды экспорттоо көлөмү да (алтынды эске албаганда) төмөндөө тенденциясын көрсөткөн. Жогоруда белгиленген факторлор өлкөбүздүн ички валюта рыногундагы басымдын жогорулашынын бирден бир себебинен болгон.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы өлкө экономикасында түптөлгөн жагдайга мониторинг жүргүзүү ишин улантууга ниеттенүүдө. Акча-кредит саясатынын чаралары мындан ары да, Улуттук банктын Акча-кредит саясатынын 2014-2017-жылдарга негизги багыттарында аныкталгандай эле, орто мөөнөттүк келечекте инфляцияны 7 пайыз деңгээлинде кармап турууга жетишүүгө багытталат.

Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө маселе каралуучу кийинки отурум 2014-жылдын 24-ноябрына пландаштырылган.